УДК: 37.022
DOI: 10.35254/bsu/2023.65.83

Үкүева Б.
ОшМУ

# СТУДЕНТТЕРДИН ЧЫГАРМАЧЫЛЫК АТКИВДҮҮЛҮГҮН ЖОГОРУЛАТУУДАГЫ ТОП МЕНЕН ИШТӨӨ ЫКМАСЫ

**Кыскача мазмуну:** Мезгил талабына ылайык, бүгүнкү заманбап студент ааламдык деңгээлде ой жүгүртүүгө жөндөмдүү, коомдук таанып-билүүсү жетик, социалдык-психологиялык позициясы жаратман, креативдүү ой жүгүртө билген жигердүү позициядагы инсан болушу керек. Бирок бүгүнкү күндө дүйнөлүк билим берүүдөгү модернизациялоонун жүрүшүндөгү көптөгөн карама-каршылыктан улам, өзгөчө студенттердин чыгармачылык активдүүлүгү төмөндөп, жалпы эле окуу процессинде солгундук күч алгандыгын эч ким тана албайт. Бул көйгөйдү канткенде биз четтете алабыз, ал четтетүүнүн негизги себептерин кантип, кайдан издейбиз? Канткенде ага кандай зарыл чараларды колдонобуз? Биз колдонгон чаралар натыйжа береби? деген суроолордун тегерегинде ой жүгүртүү менен бардык проблема студенттердин ички психологиясында чыгармачылык активдүүлүк поззициясын калыптандырууга барып такалаарын жана бул проблеманы өнүктүрүү үчүн ар бир окуу процесси сынчыл ойлоонун стратегияларын пайдаланып өтүлүүгө тийиштиги, сабактардын моделдери аркылуу мисал катары бул макалада көрсөтүлгөн.

**Түйүндүү сөздөр:** активдүү чыгармачылык, креативдүү, психология, педагогика, топ менен иштөө, чакыруу, түшүнүү, ой жүгүртүү, презентация. Билим берүү, окуу процесси.

Үкүева Б.
ОШГУ

# ГРУППОВОЙ ПОДХОД В ПОВЫШЕНИИ ТВОРЧЕСКОЙ АКТИВНОСТИ СТУДЕНТОВ

**Аннотация:** Согласно требованиям времени, современный студент сегодня должен быть человеком активной позиции, способным мыслить на универсальном уровне, обладающим зрелым социальным познанием, творческой социально-психологической позицией, способным мыслить творчески. Но сегодня никто не может отрицать, что из-за многочисленных противоречий в ходе модернизации мирового образования творческая активность учащихся в частности снизилась, а в учебном процессе в целом наблюдается рост вялости. Как мы можем устранить эту проблему, как и где искать основные причины этого исключения? Как мы применяем к нему какие необходимые меры предосторожности? Сработают ли меры, которые мы примем? размышляя над вопросами «Что такое творческая активность?» и что для развития этой проблемы каждый учебный процесс должен проходить с использованием стратегий критического мышления, на примере моделей уроков, представленных в этой статье.

**Ключевые слова:** активное творчество, творческий подход, психология, педагогика, групповая работа, вызов, понимание, мышление, презентация. Образование, процесс обучения.

**Ukuyeva B.**
OSHSU

# GROUP APPROACH TO INCREASING THE CREATIVE ACTIVITY OF STUDENTS

**Abstract:** According to the requirements of the time, a modern student today must be a person of an active position, able to think at a universal level, with mature social cognition, a creative socio-psychological position, able to think creatively. But today no one can deny that due to numerous contradictions in the course of modernization of world education, the creative activity of students in particular has decreased, and in the educational process as a whole there is an increase in lethargy. How can we solve this problem, how and where to find the root causes of this exception? How do we apply what necessary precautions to it? Will the measures we take work? Reflecting on the questions "What is creative activity?" And that in order to develop this problem, each learning process must take place using critical thinking strategies, on the example of the lesson models presented in this article.

**Keywords:** interactive methods, teacher, team, education, educational process, pedagogy, goal, task, respect, respect, methodology, creative activity.

Биреөнүн көз карашы, пикири менен эсептешип, аны сыйлап, уга жана баалай билген, өз оюн аргументтүү натыйжалар аркылуу далилдеп, сунуш киргизе алган, анын майнабын алдын ала көрө билген, компетенттүү чыгармачыл адистерди тарбиялоо заманбап негизги милдет экендиги–мезгил талабы. Анткени эртеңки чыгармачыл адис ааламдык деңгээлде ой жүгүртүүгө жөндөмдүү, коомдук таанып-билүүсү жетик, социалдык- психологиялык позициясы жаратман, креативдүү ой жүгүртө билген жигердүү позициядагы инсан болушу керек. Бирок бүгүнкү күндө дүйнөлүк билим берүүдөгү модернизациялоонун бул жүрүшү төмөндөгү карама-каршылыктары менен түшүндүрүлөт: Биринчиден, бүгүнкүгө чейинки билим берүүнүн мазмундук сапаты келечектеги адистердин кесипкөй компетенттүүлүгүнө коюлган талапка дал келбей жатышы; Экинчиден, билим берүү системасынын өнүгүүсүндөгү кечиктирилгис бул маселелерди турмушка ашырууну колго алуунун солгундугу; Үчүнчүдөн, өз билимдерин өндүрүшкө колдоно билүү зарылдыгы күчөгөндүгүгүнөн улам буга билим берүү системасынын функционалдык милдетинин дал келбей жатышы; Төртүнчүдөн, ЖОЖдорду бүтүп чыгышкан адистердин кесипкөйлүк жөндөмдүүлүгүнүн ортосунда диалогдун жоктугу; Бешинчиден, салттуу билим берүүнүн үстөмдүк кылышынан улам студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүнүн өнүкпөй жатышы; Алтынчыдан, студенттерге көркөм чыгармаларды окутууда интерактивдүү методдордун сейрек колдонулгандыгынан улам чыгармачылык активдүүлүгүнүн интенсивдүү илгерилебей жатышындагы бул карама-каршылыктар аталган макаланы өндүрүшкө сунуштоого негиз болду жана анын актуалдуулугун жаратты.

Асыресе, окумуштуулардын эмгектеринде жаңы муундун чыгармачылык ой жүгүртүүсүн өстүрүү, билимгөйлүгүн арттыруу, тарбия маселелери изилденгени менен, бирок бул көйгөйдөн кантип чыгуу керектиги, канткенде жаңы муундун чыгармачыл активдүүлүгүн сынчыл ойлоонун булагы болгон интерактивдүү ыкмаларды чеберчилик менен сабакта пайдалануу аркылуу жогорулатуу проблемасы ар дайым актуалдуулугун жоготпой иликтөөлөрдүн обьектисине алынууда. Анткени ЖОЖдордо адабият сабагын окутууда студенттердин чыгармачыл активдүүлүгүн интерактивдүү ыкмалардын жардамы менен көтөрүү маселеси бүгүнкү билим

берүүнү дүйнөлөштүрүүдөгү заманбап талап катары макалабыздын актуалдуулугун жаратты.

Бул маселе кечээ же бүгүн пайда боло койгон жок. Ал узак мезгилдерди өз ичине алып, бизге чейин көптөгөн окумуштуулардын, маселен, америкалык И. Кэнди, П. Манроу, Г. Бердей, англиялык Ж. Лоуэрист, А. Ханс, Германиялык Д. Шнайдер, Д. Хилкер, Швейцариялык П. Россело, кийинки жүз жылдыктагы жаңы муундун өкүлдөрү Ж. Браун, В. Маллинсон (Америка); Э. Николлас, Б. Холмс (Англия); А. Вексдиар, М. Делбесс (Франция); П. Миттер, Ю. Шрайверлер (Германия) ж.б. билим берүү системасынын сапаттык деңгээлин жогорулатуунун жол-жоболорун иштеп чыгышкан. Компетенттүү адистерди тарбиялоодо инсандын ой-жүгүртүүсүн кылыптандыруунун теориясын практика менен айкалыштырууну көздөгөн Россиялык окумуштуулар А.Н. Леонтьев, А.В. Берушлинский, П.Я. Галперин, Л. Рубинштейн, П.Н. Ланда, Т.В. Кудрявцев, Б.Ф. Юдина, А. Матюшкин, М. Махмутов кыргыз аалымдары К. Иманалиев, Б. Алымов, А.А. Шейман жана И.Б. Бекбоев, Б.Ө. Өмүралиев, Э. Мамбетакунов С.Т. Байгазиев, Н. И. Ишекеев, И.И. Исамидинов, А.Ж. Муратов, С.К. Рысбаев, С.Т. Батаканова, Б.К. Үкүева, М.С. Момуналиев, А.Т. Турдугулов ж.б. бир топ эмгектерди жазышты. Бирок билим берүү системасында бул маселенин үзгүлтүксүз колдонулуусу али да толук кандуу ишке ашпай келгендиги макаланын жаралышына негиз болду.

Макаланын максаты–ЖОЖдордун бардык адистигиндеги факультеттеринде топтордо иштөө ыкмаларын колдонуу менен аалам масштабында чыгармачыл ой жүгүртө билген компетенттүү, адистерди даярдоо.

Макаланын методу жана тапшырмалары

Топтордо иштөө ыкмаларын “Жаңы кыргыз адабиятынын тарыхы” предметин окутууда колдонуу менен студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн көтөрүүнүн жолдорун иштеп чыгуу.

1. Топтордо иштөө ыкмаларын колдонуу аркылуу чыгармачыл жигердүүлүктү жаратуучу стимулдарды, максаттарды, себептерди талдоо.
2. Топтордо иштөө ыкмаларын колдонуу аркылуу чыгармачыл активдүү көз караштагы адистерди даярдоонун системасын иштеп чыгуу менен практикада колдоно билүүнүн шарттарын аныктоо.

Тапшырмалар:

Ар кандай сабактын жүрүшү негизинен үч этап менен ишке ашырылат.Сабактын темасы: - К. Артыкбаев адабиятчы, сынчы, акын, педагог, окмуштуу.

1. Чакыруу этабында: Эгерде өтүлө турган тема: “Сынчы, адабиятчы, илимпоз, көп кырдуу талант К. Артыкбаевдин өмүрү чыгармачылыгы” болсо, анда, аудиторияга:

1 - Кыргыз адабият таануусундагы К. Артыкбаевдин орду, ролу жөнүндөгү кандай көз карашыңар бар?

2 - К. Артыкбаевдин автобиографиясы жөнүндө эмне билесиңер?

3 - Көп кырдуу таланттын кандай эмгектери силерге тааныш?
4 - «Акыйкат сабаты» - адабий изилдөөлөр жыйнагы жөнүндө кандай маалыматтарыңар бар?
5 - К. Артыкбаев адабиятчы, сынчы, акын, педагог, окмуштуу деген көз карашка кандай карайсыңар? - деген ж. б. у.с. суроолор берилип,

- Жекече 3-минута
- Жуптарда 5 минута пикир алышканга мүмкүнчүлүк түзүү зарыл

Эгерде тайпада 21 студент болсо, 7 студенттен 3 топко бөлүү менен ал топтор жогорудагы тапшырмалар боюнча талкуу жүргүзүп анын жыйынтыгын иштеп чыгуусуна убакыт берүүнүн керектиги.

- Түшүндүрүүнүн ыкмалары же жолдору:

1. Сабактын Чакыруу этабында жаңы темага жогорудагы тапшырмаларды берүү менен чакыруу жасалса, андан кийинки 2. Түшүнүү этабында: Текст үч топко тыным менен окуу боюнча таркатылып, 3топтун өз алдыларынча окуусуна багыт берилет. Таркатылган текстти ар бир топ тыным менен окуп бүткөндөн кийин бөлүнгөн 3 топко 3 ватман таркатылып, 1-тайпа кластер, 2-тайпа концептуалдык карта; 3- тайпа ББКБ стратегиялык ыкмалары менен иштеп чыгуулары үчүн көрсөтмө берилет.

3. Ой жүгүртүү - же бышыктоо этабында: Бөлүнгөн 1 –топ Артыкбаевдин өмүрү, чыгармачылыгына кластер, 2-топ илимий эмгектерине концептуалдык карта; 3- топ ББКБ ыкмасы менен Монография, адабий изилдөө, сын, окуу китептери, окуу куралдары, окуу программалары, ыр китептери, котормолорун презентациялашат

Талкуу жана алынган натыйжалар:

Жогоруда корсотмо берилгендей 1-тайпа Артыкбаевдин өмүрү, чыгармачылыгына кластер түзүшүп, аны төмөндөгүдөй чечмелеп беришти: К. Артыкбаевдин кыргыз маданиятындагы ордун глобус катары элестетип, глобустун түбүн-түркүгүн 1934-жылы Москва районундагы Кепер-Арык кыштагында колхозчунун үй- бүлөсүндө туулган жери катары карап, жер шарын кармап турган алты материкти анын чыгармачылыгындагы көп кырдуу талант өзгөчөлүктөрү деп эсептешип, К. Артыкбаевдин педагогдук талантын Антрактида деп кабыл алышкан, анткени Антрактида–дүйнөдөгү эң бийик материк. Муз кыртышынын орточо бийиктиги 2040 метр, б.а. калган бардык материктердин бетинин орточо бийиктигинен 2,8 эсе (730) жогору. Материктеги муздун астындагы накта бетинин орточо бийиктиги 410 метр болгон менен Антрактида таш көмүргө, темир, жез, коргошун, брон, калай, марганец, тоо хрусталдарына бай келген сыяктуу, К. Артыкбаев да өзүнүн көп кырдуу талантынын өркүндөшүнө негизги булакты педагогдуктан алгандыктан, адабиятчынын бул кесибин Антрактида деп карагандыктарынын да жөнү бар. Окумуштуунун дагы бир өзгөчө кесиби котормочулугун–Австралия деп алышкан. Анткени Австралия−Түштүк жарым шардагы материк. Аянты 7631,5 миң км. Калкы−15,6 млн. Анын чыгыш жээгиндеги деңиздер (Тасмания, Карал түндүгү, Арафура деңизи, батышы менен түштүгүн Инд океаны чулгайт. Ага жакын жаңы Гвинея, Тасмания аралдары жайгашкан сыяктуу,

К. Артыкбаев да, көп улуттуу элдердин чыгармаларын өз эне тилине оодарып, өз улутунун руханий байлыгын көтөргөн оодармачы (котормочу).

Ал эми окумуштуунун негизги окумуштуулук кредосу адабиятчылыгына барып такалгандыктан, анын чоңдугу боюнча Евразиядан кийинки экинчи материк Африкага теңешкен. Башканы айтпаганда да, дүйнөгө белгилүү болгон өлкөлөр: Алжир, Ангола, Бенин, Борбордук Африка Республикасы, Бурунди, Габон, Гамбия, Замбия, Гвинея, Заир, Сенгал, Тунис, Чад, Уганда, Эфиопия өлкөлөрү Африкага кирген сыяктуу окумуштуунун адабиятчылыгы анын адабият таануу илиминин экинчи бөлүгү кыргыз адабий сынын, кыргыз адабиятынын тарыхын изилдөөсү түзөт. Ушул жерде белгилеп кетүүчү нерсе, жер шарындагы эң көп территорияны ээлеп турган материк Америка экенин биз жогоруда айтып өттүк. Ошондуктан окумуштуунун илимдин түндүк уюлуна из салып, андан орун-очок алыш бактысы ар кимдин бактысына туш келе берчү нерсе эмес, анын үстүнө кыргыз адабият таануу илиминде окумуштуу катары 25тен ашык илимий-монографиялык, окуу-методикалык эмгектерди жазып тартуулашынын өзү Түндүк Американы багындырып алгандай эле кеп. Ал эми Америка континентинин Түштүк бөлүгүн К. Артыкбаевдин акындык таланты катары таанышып, ал Түштүк Американынын жылуулугундай сезим ойготкон ырлары менен окурмандарды эстетикалык рахатка бөлөп, көңүл кушун бөпөлөйт. Дүйнө бөлүктөрүнөн Европа жана Азия–жер шарындагы эң чоң материк. Европаны сынчы катары белгилегендиктери К. Артыкбаевдин көп кырдуу талантынын ичинен өзгөчө ага мүнөздүүсү–сынчылык. Анткени К. Артыкбаевдин көп кырдуу талантынын ичинен саны жана сапаты боюнча көбү да салмактуусу да адабий-сын-макалалар жыйнактары болуп эсептелет, деп 1-тайпадагылар өздөрүнүн кластерин презентациялашат.

2-тайпанын концептуалдык картасында окумуштуунун илимпоздук бийиктигин далилдеген, адабий- изилдөөлөрүнүн ичинен «Акыйкат сабагы» сын-макалалар, адабий изилдөөлөр, портреттер жыйнагын алып, аны «Мүрөк суусу» деп символикалык түрдө аташып, китептин ичинен орчундуу деп эсептеген адабий изилдөөлөрүнө токтолушкан. Анда окумуштуунун жыйнагы дагы бир жолу орто кылымдагы адабий изилдөөлөр менен башталып, анда Жусуп Баласагын менен Махмуд Кашгаринин туулган жерлери, чыгармалары такталып, изилденүү менен кайсы улутка таандык экендиги жөнүндө сөз болгон. Мисалы, М. Кашкари өз чыгармаларын түрк уруулары жайгашкан аймактардан, б.а. батыштан чыгышка карай жыйнагандыгын санап көрсөткөн. Ал башка тилден кирген сөздөрдү аралаштырып сүйлөгөн түрк урууларынын тилдеринин ичинен эң ачык түшүнүктүү деп, М. Кашгари Карахандыктар бийлеген элдердин тилдерин эсептеген. Демек, карахандык мамлекеттин ичинде жашаган кыргыз уруусунун тилине да бул эскертүүнүн түздөн-түз тиешеси бар экендиги белгиленген. “Кут алчу билим” дастанынын композициялык курулушу анча деле татаал эмес. Мында диалог негизинен Күн тууду, Ай толду, Өткүрмүш, Акдилмиш аттуу адамдардын ортосунда жүрөт. «Абийирдүүлөр дос күтөт жакшылардан, Токсон дейт абийри

бар чынчыл Адам, Тил адамды бакыт даңкка жеткирет. Тил адамды шорго салат, өлтүрөт» деп тилдин окумуштуу тарабынан белгиленген коомдук ордун белгилешет. «Устаттын улуу бийиктиги» деп аталган бөлүмдө К. Акиевдин чыгармачылык концепциясынын эволюциясы тууралуу сөз болот. Акындын ырлары асыл кенчтер катары акындын өмүр жолу менен тыгыз байланышта караганда гана ажарына чыгып, мааниси терең ачыла тургандыгы аргументтүү фактылар менен эскертилген. Калыктын образы К. Маликовдун «Осмонкул» драмасында, Ш. Садыбакасовдун «Азаттык үчүн» кино повестинде, К.Осмоналиевдин «Акын» аттуу повестинде ж. б. көркөм чыгармаларда жана эскерүүлөрдө түзүлгөндүгүн, андан тышкары «Эл ырчысы Калык» изилдөө эмгегинде анын чыгармачылыгы анализге алынгандыгы, «Б. Солтоноев» деген изилдөөсүндө тарыхчы, этнограф, фольклорист жана акын Б. Солтоноевдин мурастары кыргыз элдик маданиятынын тарыхына кирүүгө толук арзырлык болсо, ал жөнүндө бүгүнкү күнгө чейин атайын сөз козголбой келгендигин жана андан тышкары Б. Солтоноев өзүнүн ырларына көбүнчө ат койбогондугун көрсөтөт. Мазмуну боюнча баш аламан жазылып калган ырларынын да кездешкендигин, ошондуктан айымдарына ат берүүгө туура келгендигин мисал катары «Өткөн турмуш элестери», «Аң уулоо», «Накыл сөздөр», «Ата-энеге айтарым» ырларын атап көрсөтөт. Арстанбектин «Тар заманында» адегенде акын «Орус чыгат миң үйлүүгө баш болуп, болуш чыгат, буйрук менен кондурган конуш чыгат-дечү эле»-деп мындай кабардын кыргыз жергесине жетип таралып кеткендигин атайын «дечү эле»деген эскертүү менен бекемдейт. Мында Кокон хандыгы менен кыргыз элинин карым-катнаш маселелерине токтолуп, «сарт» деген жалпы терминдин маани-маңызы жөнүндө түшүнүк берип келип, акырында бул термин бийлик ээлерин туюндурушун аныктаарын айтып, Арстанбектин «Кара-Колду «сарт» алды, жакшылардын баарынын көкүрөгү байкалды» деген саптарын мисалга тартат. Чындыгында реалдуу чагылдырылган Арстанбектин ырлары убактылуу «тумчуктурулуп» келгендигине карабастан, өлбөс болуп эл оозунда кала бергендиги менен баалуу болуп эсептелет. «Тазабек Саманчин» темасындагы изилдөөсүндө «Кара кылды как жарган сынчы, эрудициясы бай илимпоз, адабиятчы катары аренадан суурулуп чыгып келе жаткан Т. Саманчин көрө албастыктын жеми болуп, түрмөгө түшүп, андан ден-соолугунан ажырап кайра келгенден кийин, канат мүрү сынган кушча жөрмөлөп, 60−70-жылдары Молдо Кылыч, Арстанбектер менен бирге кыргыз элинин мурунку кол жазмасына болгон тескери саясаттын өкүм сүрүп тургандыгын көрүп, өзүнүн актыгына карабастан, дале аны басмырлап кое турган кырдаалдын өз күчүндө экендигин сезип, адабий иш менен адабият таанууга кайра кирүүдөн жалтайлап, котормочулукка ооп» (4:131), М. Горькийдин томдуктарын, Л.Н. Толстойдун «Анна Каренинасын», А.П. Чеховдун, Тагор Рабиндранттын чыгармаларын кыргыз тилине которгондугу таасын ачылып берилген. Аны менен кыргыздын дагы бир кайталангыс таланты куру саясаттын жеми болгондугу бизге белгилүү болот.

Ал эми«Унутулгус Мидин» макаласында Мидин өңдүү нукура таланттар эч качан өлбөй тургандыгы тастыкталат. Аны унуткарбай турган кудуреттүү күч-артында экинчи узак өмүрүн

жашап калган поэзиясы, көөнөрбөс адабий мурасы болуп эсептелинет.

Саламат жүр табийгаттан суранам.

Жетпесем да жеңиши жок убарам,

Сүйбө, бирок кол берүүдөн эринбе,

Какшык кошуп күлгөнүңө кубанам,-деп акындын чеберчилик кудурети анын асыл поэзиясы аркылуу ачылып келгендигин лирикаларына анализ жүргүзүү менен аргументтештирилген.

«Акыйкат сабагы» бөлүмүндө Ч. Айтматовдун «Кыямат» романы жөнүндө сөз болот. Мында Авдий да, Бостон да, Эрназар да эл-журтка, келечек муундарга өтө керек идея үчүн, ишеним үчүн кыямат жолуна моюн сунушкан. Ошол улуу идеяга, улуу ишенимге өздөрүнүн алгылыксыз идеясын каршы койгон наркомандар жана Базарбай тиешелүү жазаларын алышат. Баарынан өкүнүчтүүсү, адамга жакшылык кылууга чамасы жетсе да, бөлтүрүктөрү үчүн кектеп «өч алам» деп тынчы кеткен Акбара менен Ташчайнар эч жазыксыз наристе Кенже, акыйкат үчүн таймаштын капшабына кетип, бөөдө жерден кыяматка кабылышат. Демек, өзү да өлө элек, ал эми идеясы, эмгеги, күрөшү таптакыр өлбөй калган адамды кыяматка барды деп айтуу да эртерээк. Жыйынтыктап айтканда, «Акыйкат сабагы», өз аты айтып тургандай, акыйкат, чындык ачуу болсо да, канча чырмалып, тепселенип, ийилди, бирок сынбады. А, балким, убагында майтарылгандыр, ошол чындыктын кураманы болгондур, бирок келечек анын жүзүн тазартып, чынчылдыгын бийик үн менен даңазалады. Дүйнө элдерине жол салды! Кантсе да, арам ойлуулуктун жолунда капилет жердин бей күнөө наристеси Адам карышкырына да, айбан карышкырына да жем болушу айтып түгөтө алгыс, түбү жок арман жана трагедия болуп эсептелинет деп, 2-тайпанын студенттери өз картасын презентациялашат.

3-тайпа БББК стратегиясын минтип сунушташуу менен К.Артыкбаевдин өмүрү чыгармачылыгына кенен токтолуп төмөндөгүдөй маалымат бергенге жетишишти.

| I. Билем-Чакыруу | II. Билгим келет-Чакыруу | III.Билдим-ой жүгүртүү |
|---|---|---|
| *К. Артыкбаевдин өмүр баянын, чыгармачылыгынын башталышын.<br>*Илимий изилдөөгө киришүүсүн аргументтүү, фактылар аркылуу көрсөтүшкөн. | *К.Артыкбаевдин ар бир эмгегин, чыгармаларын окуп, айрым бизге жетпеген эмгектери жөнүндө белгилери келет.<br>*Сонку мезгилде кандай эмгектерди чыгарууга жетишти.<br>*Инсандык тагдыры кандай? | *Монография, адабий изилдөө, сын эмгектерин, окуу китептерин, окуу куралдарын, окуу программаларын, ыр китептерин жана котормолорун презентациялашат. |

Окутуучунун жыйынтыгынан, баалоосунан соң, үйгө тапшырма берилүү менен сабак жыйынтыкталат. Сабак, албетте, үч этап менен жүзөгө ашырылып (чакыруу, түшүнүү, ойлонуу) ага кошо технологиялар, аксиомалар, моделдер төмөндөгүдөй формада ишке ашты:

| Этаптар | Колдонгон технологиялар | Кайсы аксиома ишке ашты | Күтүлүүчү натыйжа |
|---|---|---|---|
| I.Чакыруу | Суроолор | 1.2.3 аксиома | Чыгамачылык м-н ойлоого мүмкүнчүлүк түзүлдү |
| II. Түшүнүү | Кластер, БББК, Концептуалдык карта | | Билими тереңдеди. Жаңы технологияларды үйрөнүштү, колдонушту, аудиторияга сунушташты |
| III. Ой жүгүртүү | Графикалык, оозеки, жазма стратегиялар | 3.1 в;2.1а. | Оозеки, эркин сүйлөгөнгө, жазганга, сүрөт тартканга, чыгармачыл ойлоого жана жаңы технологияларды турмуш менен айкалыштыра колдоно билүүгө, башка предметтер менен интеграциялоого үйрөнүштү. |
| | Тайпалар аркылуу ишке ашты | | Чыгармачылык активдүүлүктөрү артты |

Кортунду

Баса көрсөтүүчү нерсе, өнүгүп бара жаткан коомубузда биз илимий деңгээли жогору адамды гана «чыгармачыл активдүү позициядагы инсан» деп түшүнбөшүбүз керек (эгер андай болсо оюбуз бир жактуу болуп калат). Анткени «чыгармачыл активдүү позициядагы» инсан деп, өз көз карашын, теориялык билимин, адеп-ахлактык облигин ар дайым турмуш чындыгы менен айкалыштыра билген, өз кызыкчылыгын, иш-аракетин жалпы дүйнөлүк масштабдын кыймыл-аракетинде караган инсанды гана биз «чыгармачыл активдүү позициядагы» инсан дейбиз. Албетте, “ар бир инсандын атуулдук ишенимде болушу закон ченемдүү нерсе” (1:5). Ошондуктан жогорку идеядагы инсандын ишеними ошол инсандын идеалы, принциби, таптык көз карашынын демократиялуулугу, адеп-ахлактык облиги же болбосо, анын идеялык ой пикиринин жыйындысы адептүүлүк критерийине баш ийишинен, сынчыл ойлоо принциптеринен көрүнөт. Эгерде адамдын мүнөздүк сапатында чыгармачылык активдүүлүк, аң-сезимдүүлүк, жаңыны сезе билүү, жаңыны жарата билүү, идеялык багыт, идеялык өзгөчөлүк, принциптүүлүк, революциялык кыраакылык, сезимталдык, реалдуу позиция, ак ниеттүүлүк, илим-билимге берилгендик, теорияны практикага айкалыштыра билүү, жалпылыктан жекеликти ажырата билүү, жекеликтин өзгөчөлүгүн белгилей билүү, анализ-синтездөө, берилгендик, тууралык, чынчылдык, асылзаадалык, боорукердик, жөнөкөйлүк, кең пейилдик, сылыктык, талап коюучулук, бирөөнүн пикирин уга билүүчү ар бир пикирдин баалуулугун баалай билүү, бири-бирине үйрөтө, окута, жаздыра билүү, урматтоочулук, чыдамдуулук ж.б.у.с. адептүүлүк

принциптери ошол адамдын мүнөздүк сапаттарында бар болгондо гана ал адам «чыгармачыл жигердүү позициядагы» инсан боло алат. Демек, биз жогоруда үлгү катары өткөн сабагыбыз студенттердин топто иштөөсү аркылуу окутуунун жаңы технологиясы менен өтүлгөн сабак өз ичине негизги эки элементти: 1. Билим берүү; 2. Максатка жетүү үчүн колдонулган жаңы технологияны камтыды, анын натыйжасында:

-студент менен окутуучунун ортосундагы карым-катнаш эң жогорку деңгээлде болду;

- чыгармачылык активдүүлүгү;

-жаңыны жаңыча кабыл ала билүү процесси;

-студенттин бири-бири менен болгон эң жогорку жылуу маанайы;

-бирин-бири угуу жана баалай билүүсү менен айырмаланды. Ошентип, эмне үчүн бүгүнкү күндөгү билим берүү системасында интерактивдүү технологияларды колдонуу зарыл болуп отурат? Канчалаган жылдар бою бүгүнкү күнү жатыркаган традициялык методдорду колдонуп, студенттерди окутуп келдик эле го. Бул−чындык. Бирок коом өнүккөн, өзгөрүлгөн сайын философиянын таанууну тануу законун да эстен чыгарбашыбыз керек жана анын шарттуу зарылдыктарына позитивдүү мамиле жасообуз закон ченемдүү нерсе экендиги заманбап сабагыбыздын мисалында берилди.

**Адабияттар**


1. Алимбеков А. Кыргыз элинин билим берүү салттары. [Текст]. – Б.: 2001. 5 - б.
2. Арапова О. А. Вербицкий А.А. Формы и методы активизации творческой деятельности студентов в процесс обучения. [Текст]. – Петрозаводск: – 1988. – С 30.
3. Артыкбаев К.А. Акыйкат сабагы
4. Богявленская Д.Б. Психология творческих способностей. [Текст]. – М.: – С.65. 2002.
5. Низовская И.А. « Сынчыл ойломду өстүрө турган окуу жана жазуу» программасынын сөздүгү. [Текст] – Бишкек: ОФЦИР, 2003.
6. Низовская И.А., Задорожная Н. Матохина Т. Учимся мыслить критически. [Текст]– Б.: MaxritY, 2011. – С. 8.